УДК: 316.77

**АКМАТБЕКОВА Ж. А., БАКТЫБЕКОВ А. Б.**
Ж.Баласагын КУУ, Бишкек
**AKMATBEKOVA ZH. A., BAKTYBEKOV A. B.**
*J. Balasagyn KNU, Bishkek*

# ММКНЫН ФУНКЦИЯСЫ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯ МОДЕЛИ

## Функции СМИ и модель коммуникации

## The functions of the media and communication model

Макалада «маалымат», «маалымат алмашуу процесси», «классикалык коммуникация модели» түшүнүктөрүнө илимий көз караштан аныктамалар берилди. Маалымат теориясы жана анын табияты, массалык маалымат каражатынын милдетттери аныкталып, бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөргө жана илимий эмгектерге анализ жасалды.
**Урунтуу сөздөр:** жаңылык, ММК, маалымат, байланыш (коммуникация) модели.
В настоящей статье даны научные определения таким понятиям, как «информация», «процесс обмена информацией» и «классическая модель коммуникации». Автором иследуются вопросы теории информации и ее природа, функции средств массовой информации, проанализированы исследования и научные труды по данной теме.
**Ключевые слова:** новость, СМИ, информация, модель коммуникации.
This article provides scientific definitions for such concepts as “information”, “*communication process*”, and “classical communication model”. The author has determined the theory of information *and its nature, the functions of the media, reviewed research and scientific writings on this topic.*
***Keywords:*** *news, media, information, communication model.*

Адам баласы жаралгандан баштап эле, өзүн жана курчап турган айлана чөйрөнү аңдап, таанып-билүү далалаты менен жашап келет. Бул аракет, далалат адамдардын өз ара мамилесинен, аласа-бересесинен, келечекке, өнүгүүгө болгон умтулуунун зарылчылыгынан пайда болду. Мындай зарылчылык дүйнөнү таанып-билүү, үйрөнүү, анын натыйжасында келип чыккан тажрыйбаларды күнүмдүк турмушта колдонуу аркылуу же илимдин тили менен айтканда “маалымат алуу”, “маалымат топтоо” жана “аны колдонуу процесси” аркылуу ишке ашырылат.

Алгачкы коомдо уламыштар, жөө-жомоктор ооздон-оозго атадан балага өтүп айтылып келсе, кийинчерээк эмгек жана ой-жүгүртүүнүн натыйжасында топтолгон тажрыйбалар бара-бара жазуу түрүндө кагаз бетине түшүрүлө баштады. Мунун баары адам баласынын ишмердүүлүгүнө барып таянат. Цивилизациянын өнүгүшү менен эң жөнөкөй газета, телеграф, радио, сыналгыдан баштап, бүгүнкү күндө электрондук маалымат технологиялык каражаттары аркылуу коомчулуктун маалымат алуу мүмкүнчүлүктөрү абдан кеңейди. Тактап айтканда, ааламдашуу доорунда үйдөн бир кадам алыстабастан дүйнөнүн экинчи тарабында эмнелер болуп жаткандыгы тууралуу маалыматтарды алууга болот. Тескерисинче башкаларга маалымат жөнөтүү мүмкүнчүлүгү да абдан артты.

Тарыхчылар “маалымат-жаңылык” түшүнүгүндөгү негизги баалуулуктар кылымдар бою өзгөрбөй келгендигин аныкташкан. Тарыхчы Митчелл Стивенс “Тарыхтын жүрүшүндө адамдар тутунган маданиятына карабастан, бирдей эле жаңылыктарды бөлүшүп келишкен”. Мындай туруктуулуктун сыры эмнеде? деген суроого жооп издешкен. Анын натыйжасында жаңылыктар адамдын негизги муктаждыгын канаатандырат деген жыйынтыкка келишкен. Адамда өзү туюп-сезип турган чөйрөсүнөн башка дагы тышта эмне болуп жатканын билүү муктаждыгы болот. Өзүбүз көрө албаган окуяларды угуп билген соң, көңүлүбүз жайланып, өзүбүздү ишенимдүү сезип калабыз. Изилдөөчүлөрдүн бири муну “билүү кумары” деп атаган. Жаңылык агымына бөгөт коюлса, “караңгы кирип”, кооптонуу башталат. Дүйнө жымжырт боло түшөт деген [1, 13- б.].

Алгач “маалымат” түшүнүгүн илимий жактан аныктасак:

Маалымат – коммуникация процессинде материалдык же рухий дүйнөнү факт катары чагылдырган билдирүүлөрдүн атайын каражаттар жана (же) адам тарабынан кабыл алынышы [2].
Маалымат – биринчи маанисинде “билим”, экинчи маанисинде жыйналган, алынган кабар, топтолгон кабарлардын, билдирүүлөрдүн жыйындысы” [3, 181-б.].
Маалымат – (лат. сөзүнөн informatio – түшүндүрүү, баяндоо) – өткөрүү, сактоо, кайрадан иштеп чыгуу, калыбына келтирүү объекти катары конкреттүү маанини же ой пикирди камтыган билдирүүлөр [4, 13-б.].
Маалымат – белгилүү контексттин алкагында адамдардын идеялар, факт, нерселер ж.б. жөнүндө пикир алмашуусунун жыйындысы [5].
Маалымат – белгилүү контекстте конкреттүү мааниге ээ болгон түшүнүктөрдүн, идеялардын, нерселердин, окуялардын, фактылардын жыйындысы [6].
Маалымат - баяндоо формасына карабастан адамдар, буюмдар, объектилер, фактылар, окуялар, кубулуштар жана процесстер жөнүндө билдирет [7].
Демек, маалымат – айлана-чөйрөдө болуп жаткан жана болуп бүткөн окуялар, кубулуштар, ой-пикирлер, фактылар, келечекке карата айтылган божомолдор ж.б. Мына ушул маалыматтарды жалпы коомго жайылтуу жана коомдогу адамдардын маалымат алмашуу процесси массалык маалымат каражаттары (ММК) аркылуу ишке ашат.
Албетте маалымат таратуу түшүнүгү б.з.ч. I кылымдын 44-жылдары эле байыркы Римде пайда болгон. Шаарда болуп жаткан ар кыл окуяларды элге билдирүү максатында шаардын борборунун коомдук жайларына билдирүүлөр жазылган атайын такталар илинип коюлган. Ал такталар кийинчерээк император Юлий Цезардын буйругу менен Сенаттын чогулушунун жыйынтыгын жалпы элге жеткирип туруу максатында да пайдаланылган.
VII кылымда Кытайда «шаардык кабарчы» (столичный вестник) деген аталышта басма сөз жарыялана баштады. Анда императордун буйруктары, ага байланыштуу маанилүү окуялар орун алган. Албетте, ошол мезгилдеги гезит түшүнүгү учурдагы жука ак кагаз эмес эле. Тактанын бетине иероглифтерди түшүрүп, андан кийин бул белгилердин бети боёлуп жасалган. Бул процесс убакытты да, түйшүктү да абдан көп талап кылган.
1440–50-жылдары Германияда Иоганн Гутенберг тарабынан ар бир тамга калыпка куюлуп, андан ар бир тамга жана ар бир сөз өз өзүнчө терилген. Калыпка салынып, даяр болгон тексттин бети боёлуп, кагаз бетине түшүрүлө баштады. Бул процесстин алга карай жылышы басма ишинин өз алдынча маданий жана өндүрүштүк тармак катары өнүгүшүнүн башаты болуп саналып калды. Ал эми электрондук байланыш каражаттарынын өнүгүшү 1832-жылы биринчи жолу орус окумуштуусу Павел Л. Шиллингтин телеграфты ойлоп тапканы менен тыгыз байланыштуу болду. Көп өтпөй шотландиялык окумуштуу Александр Г. Белл жана анын окуучусу Томас А. Уотсон телефон аппаратын ойлоп табышкан. Бул дүйнө жүзүндө укмуштуудай кабар болуп таркаган. 1911-жылы Санкт-Петербург технологиялык институтунун профессору Борис Л. Розинг жана Владимир Зворыкин тарабынан белгилүү аралыкта электр тогун өткөргүч зым аркылуу сөлөкөттү чагылдыруу менен сыналгы камерасы (телевизионная камера) ойлоп табылган эле [8, 108-112-б.].
Ошентип, мезгилдин улам алга карай жылышы менен жаңы технологиялык каражаттар анын ичинде массалык маалымат каражаттары - жалпы эле коомдун, доордун муктаждыгынан улам пайда болуп, адамзаттын маданиятынын өнүгүшүндө абдан маанилүү роль ойногон.
Кыргыз Республикасынын “Саясат таануу” Энциклопедиялык окуу куралында ММКга төмөндөгүчө аныктама берилген: Массалык маалымат каражаттарына (ММК) – басма сөз, радиоуктуруу, телекөрсөтүү, интернет, кино, үн жазуу кирет; келечекте – ири коммуникациялык системаларды пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар. ММКнын ишмердүүлүгү саны боюнча түрдүү аудиторияларга ырааттуулук менен маалыматтарды жайылтуу, идеологиялык, экономикалык, маданий жана саясий таасир тийгизүүнү өзүнө камтыйт.

ММКлар саясий күрөшкө, анын мазмунуна жана формасына, идеологиялык, саясий жана маданий үгүттөөнүн өзгөчөлүктөрүнө, бийликтегилердин саясатынын жарыкка чыгып жана бурмаланышына, адамдардын жүрүм-турумуна, жашоосуна маанилүү таасир тийгизишет [9, 140-б.].
Ал эми Кыргыз Республикасынын “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” мыйзамынын 1-беренесинде массалык маалымат каражаттары – мамлекеттик органдар, маалымат агентстволору, саясий, коомдук жана башка уюмдар, жеке адамдар тарабынан чыгарылуучу газеталар, журналдар, аларга тиркемелер, альманахтар, китептер, бюллетендер, калкка таратууга арналган, туруктуу аталышы бар бир жолку басылмалар, ошондой эле теле көрсөтүү жана радио уктуруу, кино жана көрсөтмө студиялар, мамлекеттик органдар, маалымат агентстволору, саясий, коомдук жана башка уюмдар жеке адамдар тарабынан чыгарылуучу уктурма жана көрсөтмө жазылмалар менен программалар массалык маалымат каражаттарына таандык кылынат деп аныкталган [7].
Буга байланыштуу 1940-жылдары маалымат жана маалымат теориясына негиз салуучулары катары кибернетика, математика илиминин окумуштуулары Норберт Винер, Клод Шеннон, Давид Хаффман, Ричард Хэмминг, Аврам Лемпел, Рональд Ривост, Эди Шамирдин ысымдарын атоого болот. Алар маалыматтар маалымат өткөргүч тарабынан коддолуп каналга берилет. Ал эми, канал маалыматтарды кабылдагычка жөнөтөт, ал жерден коддолгон маалыматтар кайрадан чечмеленип, көздөгөн максатка жиберилет деген теорияны аныкташкан. Маалыматтар канал аркылуу өтүп жатканда, ар кандай тоскоолдуктарга учурашы мүмкүн, анын таасири астында берилген маалыматтар жана кабыл алынган маалыматтар арасында айырмачылыктар болушу мүмкүн деген ойду жакташкан [10, 5-62-б.].
Кийинчэрээк К. Шеннон жана У. Уивердин изилдөөлөрүндө ар кандай тоскоолдуктардын маалыматка тийгизген таасирине басым жасалып, муну энтропия же тескерисинче, негэнтропия деген түшүнүк менен байланыштырышкан. Энтропия (шум) билдирүүнү же маалыматты бузуучу, анын бүтүндүгүн бөлүүчү, кабылдагычтын кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн азайтуучу тышкы факторлор менен байланышта каралат. Ал эми, негэнтропия (тескери, терс энтропия) кабылдагычтын билдирүүнү толук эмес, же бузулган түрдө кабыл алган учурларын карайт [11, 118-б., 90, 69-б.].
1948-жылы америкалык окумуштуу Гарольд Дуайт Лассуэлл бир жактуу маалымат берүү моделин иштеп чыккан. Ал ким, эмнени, кайсы каражаттар аркылуу, кимге, кандай кызыкчылык туудурат же кандай таасир калтырат? деген суроолорго жооп издеген. Социология, политология илиминде бул Лассуэллдин модели деген аталышка ээ. Моделде жөнөтүүчү же булак, маалыматты белгилүү бир каражаттын жардамы менен кабылдагычка же аудиторияга жөнөтөт. Ал эми, берилген маалымат кабылдагычка ар дайым таасир этип, анда кызыкчылыктарды жаратат деп эсептеген. Бирок, айрым изилдөөчүлөр, мындай маалыматтын ар дайым таасир этүүчү болуп, кызыкчылыктарды туудуруп турушу – массалык маалымат каражаттарда маалыматты берүүдөгү аша чапкандыкка, өтө эле апыртууларга жол ачат. Ошол эле учурда кайтарым байланышы прицибинин эске албагандыгын айтып сындашкан [12, 70-б., 2, 94-б.].
Кийинчерээк К. Шенндондун байланыш модели Мелвин Лоуренс Де Флèр тарабынан
«кайтарым байланыш» түшүнүгү (feedback же обратная связь) менен толукталган. Бул модель маалымат алуу процессинде адам баласынын карым-катышын реалдуулукка жакындаткан [13, 12-б.].
Андан көп өтпөй эле илимпоздор У. Шрамм жана Ч. Осгуд маалымат берүү процессинин циркулярдык моделин сунушташкан. У. Шрамм байланыш процесси белгилүү бир жерден башталып, бир жерден бүтүшү мүмкүн эмес деген. Чындыгында байланыш баш-аягы жок чексиз процесс. Ал эми биз, кичине командир катары чексиз маалымат агымын кабыл алабыз да кайрадан жөнөтөбүз деген [14, 32-б.]. Бул моделде булак (жөнөтүүчү) жана кабылдагыч маалыматты кабыл алып, өзүнө сиңирип, иштеп чыгып, кайрадан жөнөтөт. Ошентип, байланыш процесси циркулярдык түрдө, бирдей деңгээлдеги өз ара аракеттенишүү аркылуу

кайталанат. Бирок, моделде маалымат булагына, байланыш процессине сарпталган убакыт жана күч (аракет) тууралуу сөз болгон эмес, бул моделдин кемчилик жагы болуп саналат.
Ал эми, Россияда 1960-жылдары орус окумуштуусу А. Д. Урсулдун “Природа информации” аттуу философиялык очеркинин жарыяланышы – маалымат теориясынын андан ары өнүгүшүнө чыйыр салды. А. Д. Урсул аталган эмгегинде маалыматты кибернетика илиминин негизине таянып, маалымат алуу, сактоо жана маалыматты иштетип кайрадан жөнөтүү процессиндеги маалыматтын ыктымалдуулугу, белгисиздиги, ар түрдүүлүгү тууралуу кеңири токтолгон [15, 21-34-57-б.]. Бүгүнкү күндө Россияда атрибутивдүү жана функционалдуу концепция деп аталган эки багытта изилдөөлөр жүргүзүлүп келет. Биринчиси А. Д. Урсул, И. Б. Новик, Л. Б. Баженов, Л. А. Петрушенко ж.б. тарабынан негизделген жалпы физикалык системаларга жана процесстерге таандык болгон маалыматтар концепциясы, экинчиси П. В. Копнин, А. М. Коршунов, В. С. Тюхтин, Б. С. Украинцев ж.б. тарабынан изилденип келген уюштуруу системасына гана таандык болгон маалыматтын функционалдуу концепциясын атоого болот [16].
“Маалымат” түшүнүгү, ЭЭМде жана адамдын мээсинде маалыматтын иштелип чыгуу процесси жөнүндө ата-мекендик табигый илимдер тармагынын окумуштуусу Р. Шералиев “Некоторые философско-психологические проблемы теории информации” аттуу эмгегинде токтолгон [17].
Маалыматты таркатуу, маалыматты кабыл алуу, массалык маалымат каражаттарынын маалыматка жана коомго тийгизген таасири ж.б.у.с. изилдөөлөр Европа мамлекеттеринде жана АКШда 1950-жылдардан тартып эле окумуштуулар тарабынан колго алынып, ар тараптуу тереңдеп изилденип баштаган. Мунун жыйынтыгында, коммуникация теориясы же коммуникология деп аталган өз алдынча илимий дисциплинага айланып, анын прикладдык жана теориялык жактары аныкталган.
Буга байланыштуу 1959-жылы АКШнын Пенсильвания университетинде ачылган Анненберг мектеби бүгүнкү күндө саясий жана коомдук институттарды изилдөө, ММК аркылуу берилген билдирүүлөрдү талдоо жана коммуникациялык процессте түрдүү группалардын жүрүм-турумун аныктоо боюнча илимий жактан мыкты жетишкендиктерге ээ болуп келе жатат. Ошондой эле, бул багытта алгылыктуу изилдөөлөрдү жүргүзүп келген Канадалык Торонт мектеби, англиялык Бирмингем маданияттарды заманбап изилдөө борбору, Глазго университетинин Медиа-групп мектеби да өтө абройлуу илимий борборлор болуп саналышат.
Ал эми, Орто Азия өлкөлөрүнүн, анын ичинде Кыргызстандын коомдук жана гуманитардык илимдер системасында коммуникация жаңыдан гана сөз боло баштаган илимий дисциплина болуп эсептелет. Бул багытта изденип, олуттуу эмгектерди жазган орус окумуштуулары Ф. И. Шарков, А. В. Соколов, М. А. Василик, Ж. В. Николаева, В. Б. Кашкин, Г. Г. Почевцов, А. В. Назарчук жана башкалардын атын атоого татыктуу. Аталган окумуштуулар өз эмгектеринде б.з.ч. V кылымда эле Сократтын, Демосфендин, Марк Фабийдин диалог, маек сыяктуу философиялык түшүнүктөрүнө, кийинчерээк XVII кылымда немис, француз, англиялык окумуштуулардын эмгектерине токтолушкан [8].
Маалыматтарды электрондук техникалык каражаттар аркылуу жалпы массага же коомго билдирүү тууралуу изилдөөлөр немец окумуштуусу М. Вебердин эмгектерине таянат. М. Вебер 1910-жылы мезгилдүү жарыяланган басма сөздүн багыты түрдүү социалдык структуралардын жана социумдун өкүлү катары адамдын калыптанышына таасирин тийгизгендигин мыкты далилдер менен көрсөтө алган. Басма сөздү социологиялык аспекте методологиялык жактан изилдөөнүн зарыл экендигин аныктаган. Ошондой эле коом тарабынан журналистке билдирген талаптарды аныктаган жана басма сөздү изилдөөнүн методун негиздеген [18, 434-б., 90, 239-б.].
У. Липпман 1922-жылы жарык көргөн “Коомдук пикир” аттуу эмгегинде массалык байланыштар тууралуу изилдөөлөргө токтолгон. Ал адамдар дүйнөнү кыйыр түрдө “өздөрү элестеткен образдар аркылуу” гана таанып билет деген. Алар бул образдарды басма сөз аркылуу алышат. Басма сөздүн чабалдыгынан улам бул образдар абдан бурмаланган жана толук эмес, кеп мына ушунда деген ал. Эл образдарды туура кабыл алган күндө да, алардын

эски ишенимдери, стереотиптери, кайдыгерлиги менен караңгылыгы буга жолто болот деп айткан [19, 36-б.].

Ошентип ММКлар жалпы эле коомдун, коомдун бирдиги болгон адамдардын жашап жаткан айлана-чөйрөсүн таанып билүү сыяктуу табигый муктаждыгынан улам пайда болуп, бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпой келет. Алгач кабар берүү үчүн түрдүү белгилерди колдонуп, маалымат берүүчү функциясын аткарып келсе, коомдун алга карай жылышы жана технологиялык каражаттардын өнүгүшү менен ММК бүгүнкү күндө тек гана маалымат билдирүүчү каражат эмес, бүтүндөй адамзатынын аң-сезимине таасир этүүчү олуттуу куралга айлангандыгын моюнга алууга болот. Бул ишмердүүлүктү аркалаган кесиптин ээси – журналист, ал эми бул тармак – журналистика деп аталып келе жатат.

**Пайдаланылган булактардын тизмеси**


1. Билл Ковач. Журналистиканын негиздери [Текст] / Билл Ковач, Том Розенстил; которгон Т. Абдиев. – Бишкек: Айат, 2011. – 288 б.
2. ГОСТ 7.0-99. Информационно-библиотечная деятельность, библиография. Термины и определения [Текст]: введ. 2000-07-01. – М.: ИПК Изд-во стандартов, 1999. – 23 с.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / жооптуу ред. А. Акматалиев. – Бишкек: «АВРАСИЯ ПРЕСС», 2015. – 2-бөлүк. – 800 б.
4. Максутова, Б. Б. Основы творческой деятельности журналиста [Текст]: слов. - минимум / Б. Б. Максутова. – Бишкек: [Б.и.], 2007. – 36 с.
5. ISO/IEC 10746-2:1996, Information technology — Open Distributed Processing — Reference Model: Foundations.3.2.5: knowledge that is exchangeable amongst users about things, facts, concepts, and so on, in a universe of discourse).
6. ISO/IEC 2382-1:1993, Information technology — Vocabulary — Part 1: Fundamental terms.01.01.01: knowledge concerning objects, such as facts, events, things, processes, or ideas, including concepts, that within a certain context has a particular meaning).
7. ММК жөнүндө: КРдин 1992-ж. 2-июлу № 938-XII мыйзамы / Параграф маалыматтык системасы [Электрондук ресурс]. – Интернет барагы: (http://www.adviser.kg).
8. Акматбекова, Ж. А. Коммуникациянын башаты [Текст] / Ж. А. Акматбекова. – Бишкек: [Б-сыз], 2011. –146 б.
9. Саясаттаануу [Текст]: энцикл. окуу куралы / ред. А. Акунов; Мамл. тилж-аэнцикл. борбору.– Бишкек: Кыргыз энцикл. Баш. ред., 2004. – 400 б.
10. Лидовский, В. В. Теория информации [Текст]: учеб. пособие / В. В. Лидовский. – М.: «Компания спутник+», 2004. – 111 с.
11. Шарков, Ф. И. Коммуникология: Основы теории коммуникации [Текст]: учеб. / Ф.И. Шарков. – М.: Дашков и К, 2010. – 592 с.
12. Николаева, Ж. В. Основы теории коммуникации [Текст]: учеб. пособие / Ж. В. Николаева. – Улан-Удэ: Изд-во ВСГТУ, 2004. – 274 с.
13. Кашкин, В. Б. Введение в теорию коммуникации [Текст]: учеб. пособие / В. Б. Кашкин. – Воронеж: Изд-во ВГТУ, 2000. – 175 с.
14. Alemdar Korkmaz. Өтмүштөн бүгүнкүгө чейинки коммуникация теориясы жана изилдөөлөр: сын пикирлер [Başlangıcından Günümüze İletişim Kuram ve Araştırmaları: Eleştirel bir Değerlendirme] [Text] / Alemdar Korkmaz, İrfan Erdoğan. – Ankara: My Yayınları, 1998. – 375 s.
15. Урсул, А. Д. Природа информации [Текст]: филос. очерк / А. Д. Урсул. – Челябинск: [Б. и.], 2010. – 231 с.
16. Информационный подход в междисциплинарной перспективе [Текст] // Вопр. философии: материалы «круглого стола». – М., 2010. – С. 25-29.
17. Шералиева, Р. Некоторые философско-психологические проблемы теории информации [Текст] / Р. Шералиева. – Фрунзе: Илим, 1975. – 81 с.
18. Васильева, Л. В. Роль и функции СМИ в современном обществе / Л. В. Васильева // Вестн. Амур. гос. ун-та. – 2010. – Вып. 50: Сер. Гуманитар. науки. – С. 109112.
19. Билл Ковач. Журналистиканын негиздери [Текст] / Билл Ковач, Том Розенстил; которгон Т. Абдиев. – Бишкек: Айат, 2011. – 288 б.


**Рецензенттер: Бокоева Ж. Т.** – филология илиминин кандидаты, КТУ «Манас» доценти
**Эстебесова П. С. –** филология илиминин кандидаты, К. Карасаев атындагы БГУнун доценти